УДК 37.091.3
DOI 10.58649/1694-8033-2024-1(117)-88-92

**Искакова Э.С., Байгутуева М.К.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Искакова Э.С.[1], Байгутуева М.К.[2]**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Iskakova E.S., Baygutueva M.K.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0000-0001-8886-0379[1]
ORCID: 0009-0003-6617-4097[2]

# МҮНӨЗДӨМӨНҮ ЖАҢЫЧА ЫКМА МЕНЕН ОКУТУУ
# ОБУЧЕНИЕ СОСТАВЛЕНИЮ ХАРАКТЕРИСТИКИ НОВЫМИ МЕТОДАМИ
# LEARNING THE CHARACTERISTIC OF NEW METHODS

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада ар түрдүү тапшырмаларды иштетүү менен мамлекеттик тилде мүнөздөмө жазуунун жана турмушта туура колдонуунун ыкмасы берилет.

**Аннотация:** В данной статье путем выполнения различных заданий даны методы написания характеристик на государственном языке и правильного их использования на практике.

**Abstract:** In this article by performing a variety of tasks were given the methods for the characteristics of writing in the state language and the correct using of them in life.

**Негизги сөздөр:** мүнөздөмө; текст; көнүгүү; иш кагаз; үлгү; кайталоо; машыгуу.

**Ключевые слова:** характеристика; текст; упражнение; деловые бумаги; образец; повторение; тренировка.

**Keywords:** characteristic; text; exercise; business papers; example; reiterarion; training.

Бүгүнкү күндө иш кагаздарын мамлекеттик тилде (кыргыз тилинде) жазуу актуалдуу маселелердин бири. Иш кагаздарынын ичинен эң эле көп колдонулганы мүнөздөмө болуп эсептелинет. Бүгүнкү күндүн талабына ылайык мүнөздөмө кеңири колдонулган документ болгондуктан, жогорку окуу жайынын В2 деңгээли менен окууган студенттерге мүнөздөмө жана анын маалымдаректери тууралуу өтүлгөн сабактын иштелмесин сунуш кылууну туура көрдүк.

Алгач сабактын башталышында педагог тарабынан мүнөздөмө тууралуу төмөндөгүдөй кыскача гана маалымат берилет:

Кызмат адамына анын иштеген иши, окуусу, жалпы жүрүм-туруму, ишке болгон мамилеси, адистиги боюнча объективдүү маалымат берүүчү документ **мүнөздөмө** болуп эсептелет» [2, 220-бет].

- Мүнөздөмө мекеме жетекчиси тарабынан тигил же бул кишинин (кызматкердин) ал-абалын көрсөтүү максатында (окууга кирүү, чет мамлекеттерде иштөө, башка кызматка дайындоо үчүн же күбөлөндүрүүдө ж.б.) берилет.

•	Мүнөздөмөдө кызматкердин жамааттагы ишмердүүлүгү, жүрүм-туруму, руханий сапаттары көрсөтүлөт.

•	Мүнөздөмө кызматкердин жеке суранычы же жогорку органдардын талабы боюнча берилет [2, 220-б.].

**Мүнөздөмөнүн мазмуну өз ара байланыштуу болгон 3 бөлүктөн турат**

1. Эмгек жолунун башталышы жана ишиндеги өзгөрүүлөр тууралуу маалыматтар берилет.

2. Ишке болгон мамилеси, кызматкер катары жетишкендиктери, билимдерин өркүндөтүшү, коомдук иштерге катышуусу, адамдар менен мамилеси, үй-бүлөлүк шарты, кулк-мүнөзү, сыйлыктары жана алган жазалары айтылат.

3. Жогорку эки бөлүктөн келип чыккандардан жыйынтык чыгарылып, мүнөздөмөнүн кандай максат менен каякка бериле тургандыгы көрсөтүлөт. Иш кагазынын аягына экиден кем эмес жетекчинин колу коюлуп, мекеменин мөөрү басылат.

Мүнөздөмөнүн "**Өндүрүштүк мүнөздөмө**" жана "**Мүнөздөмө - жолдомо**" деген 2 түрү бар. "Өндүрүштүк мүнөздөмө" көп учурда "Мүнөздөмө" деген аталыш менен берилет [3, 84-б.]. Турмушта өндүрүштүк мүнөздөмө көп колдонулгандыктан, анын маалымдарекетерин студенттерге жаздырып отурбастан  күн мурун даярдалып коюлган кагаздар таратылат.

Педагог мүнөздөмө жөнүндө чакан маалымат берген соң, төмөнкүдөй тапшырмалардын жардамы менен алган маалыматтарын андан да кеңейтишет.

**1-тапшырма. Сүрөттөгү адамдарды маанайын берилген сөздөр аркылуу туура мүнөздөйлү: (***жылмайды, мостойду, жинденди, ойлонду, жек көрдү, мыйыгынан күлдү, кайгырды,кубанды***)** [1, 20-б.].



**2-тапшырма.** Текст менен иштөө. Текст бир нече бөлүктөн туруп, тапшырмалар жана суроолор менен коштолуп, аягында текстке ылайыктуу тема коюлуусу керек.

Бир кичине кыз көчөдөн өтүп бараткан чоочун  адамга жылмайып карап турду. Бул өзгөчө жылмаюу чоочун адамдын жан дүйнөсүн ойготту да, ал дагы жылмаюу менен жооп берди. Таң эрте мындай жагымдуу көрүнүшкө туш болгон адам баарын унутуп, айланасындагыларга көңүл бурбай, кичинекей кыздын жагымдуу жылмаюусун көз алдына элестетип баратты [10].

*1. Жылмаюу чоочун адамга кандай таасир калтырды?*

*2. Ушундай окуялар сиздин жашооңузда болду беле?*

*3. Аңгеме мындан ары кандай уланат деп ойлойсуз?*

Бул маанайын досу менен бөлүшкүсү келди да, досуна телефон аркылуу эң жакшы сөздөр менен анын мыкты сапаттарын белгилеген кат жөнөттү. Эртең менен тамагын жеп бүтүп калган досу бул катка аябай сүйүндү. Тамактын эсебин алып келген тейлөөчү кызга жылмая карап, ашыкчасы менен чайлык акча таштап чыгып кетти... [9].

*Суроо:*

1. *Окуя кандай уланат?*
2. *Досуна чоочун адам кандай кат жазды?*

Мындай чоң суммадагы чайлык акча алганына сүйүнгөн кыз жумушунан чыгып баратып тилемчини көрдү да, ага акчанын жартысын берип койду. Эки күндөн бери эч нерсе жей элек тилемчинин кубанычында чек жок эле... [9, 3-б.].

1. *Бул окуядан соң кандай жыйынтык чыгара аласыз?*

**3-тапшырма. Берилген сөздөр менен бул катты тууралап жазалы** (мында эч кандай кошумча сөздөр колдонулбастан, берилген сөздөрдүн негизинде гана кат жазылышы керек) [5; 6]:

сапаттар, жакшы, адамгерчиликтүү, өзүңдө, бар, чынчыл, экендигин, чечкиндүү, айткым, жоопкерчиликтүү, келет, болгондугуң, кубандырат, мени.

Досум кутман таңың менен!

………………………………………………………………………………………………

4-**тапшырма**: Жакшы жана жаман сапаттарды бөлүп жазыңыз жана өзүңүзгө жаккан сапатыңыз жана жакпаган сапатыңыз тууралуу айтып берсеңиз?

5-**тапшырма**: Өзүңүздү тешериңиз!

| **Сапаттар** | **Фразеологизмдер** |
|---|---|
| жоош | жылдызы жанган |
| март | кара кылды как жарган |
| чыйрак | жумурткадан кыр издеген |
| кайрымсыз | көзү тирүү |
| калыс | кой оозунан чөп албаган |
| жалкоо | колу ачык |
| жагымдуу | ак каптал |
| кыйкымчыл | таш боор |

Жогорудагы тапшырмалар иштелип, студенттер мүнөздөмө тууралуу кененирээк маалыматтарга ээ болгон соң, мүнөздөмөнүн үлгүсү берилет жана үлгүнүн негизинде тайпалашына мүнөздөмө жазат.

Үлгү:

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик
салык кызматынын маалыматты
камсыздоо жана мамлекеттик тил
бөлүмүнүн адиси, 1985-жылы
туулган, улуту кыргыз,
Асангазиева Рахат Эсенбековнага

Мүнөздөмө

Асангазиева Рахат 2015-жылдан бери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик салык кызматынын маалыматты камсыздоо жана мамлекеттик тил бөлүмүнүн адиси болуп эмгектенип келет. Ал бөлүмдө иштеген учурда өзүн кыргыз тилин мыкты билген, такшалган адис катары көрсөттү.

Бөлүмдө коомдук иштерге активдүү катышат. Ар кандай мамлекеттик деңгээлдеги иш-чараларга катышып, ийгиликтерди жаратып келет.

Мүнөзү токтоо, чечкиндүү, адамдар менен тез эле тил табыша алат.

Үй-бүлөлүү. Эки уулдун энеси.

Мүнөздөмө талап кылынуучу жайга берилет. [4, 49-б.; 7; 8]

Мамлекеттик салык кызматынын төрагасы (колу) Осмонов З.Д.
Статс- катчы (колу) Карыгул уулу Ж.
29.07.2015-ж. (мөөр басылат)

Жыйынтыгында алган маалыматтарын бышыктоо иретинде төмөнкүдөй тапшырма берилет. Мында маалыматтардын туура же ката экендигин белгилешет.

| № | Суроолор | Туура | Ката |
|---|---|---|---|
| 1. | Мүнөздөмөнү жетекчи жазат | | |
| 2. | Иштеген кызматы тууралуу маалыматтар таптакыр берилбейт. | | |
| 3. | Туулган жылы сөзсүз белгилениши керек. | | |
| 4. | Мүнөздөмөгө адистин кесиби көрсөтүлбөйт. | | |
| 5. | Маалыматтар өтө аз берилет. | | |
| 6. | Мүнөздөмөнүн жазылган күнүн белгилебей койсо деле болот. | | |
| 7. | Мүнөздөмө оң жана терс сапаттардын айрымы эле чагылдырылат | | |
| 8. | Мүнөздөмөгө мөөр басылбайт | | |

Демек, жогорудагыдай жаңыча ыкма менен иш кагаздарын өтүүдө студенттердин кыргыз тили сабагына болгон кызыгуусун арттыруу менен бирге ал иш кагазын турмушта туура колдонууга көнүгөт. Мындай сабактардын иштелмеси иш кагаздарын кыргыз тилинде жазууга чоң түрткү болот деген ишенимдебиз [7; 8].

**Колдонулган адабияттар**


1. Аралыктан окутуу. В1 деңгээли. – Бишкек, 2015.

2. Ахматов Т., Ашырбаев Т. Иш кагаздары. Мамлекеттик тилде иш жүргүзүү. – Бишкек, 2011.
3. Жапарова Б., Калиева Ө. Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жана расмий тилде жүргүзүү. – Бишкек, 2005.
4. Ибрагимов С. Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү. – Бишкек, 2006.
5. Токтоналиева К., Мажитова Р. Кыргыз тили. – Бишкек, 2015.
6. Карасаев К.Х. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. – Бишкек, 2009.
7. Иманов А. Иш кагаздарынын үлгүлөрү. – Каракол, 1992.
8. Иманов А. Иш кагаздарынын үлгүлөрү. – Каракол, 1999.
9. Турмуш сабактары. – Бишкек, 2013.
10. https://m.facebook.com/1707431792904511/posts/2844655109182168/

УДК 37
DOI 10.58649/1694-8033-2024-1(117)-92-98

**Цзян Ци**
Түндүк-Батыш педагогика университети, Билим берүү илимдер колледжи
**Цзян Ци**
Северо-Западный педагогический университет, Колледж педагогических наук
**Qi Jiang**
Northwest Normal University,College of Educational Sciences

# ТЕОРИЯЛЫК КОННОТАЦИЯНЫ ЖАНА ИНДИВИДУАЛДЫ ИЗИЛДӨӨ УНИВЕРСИТЕТТИН ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯСЫНЫН ФУНКЦИЯСЫ
# ИССЛЕДОВАНИЕ ТЕОРЕТИЧЕСКОЙ КОННОТАЦИИ И ИНДИВИДУАЛЬНЫХ ФУНКЦИЯ УНИВЕРСИТЕТСКОГО ЭСТЕТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ
# A STUDY ON THE THEORETICAL CONNOTATION AND INDIVIDUAL FUNCTION OF UNIVERSITY AESTHETIC EDUCATION

**Кыскача мүнөздөмө:** Эстетикалык билим берүү - бул терең мааниге ээ жана көптөгөн билим берүү функциялары бар көп тармактуу, комплекстүү билим берүү.Колледждерде жана Университеттерде эстетикалык билим берүү - бул студенттерде туура эстетикалык түшүнүктөрдү калыптандырууга, асыл адеп-ахлактык сезимдерди тарбиялоого, сонун жанды калыптандырууга жана сапаттуу билим берүүнү өнүктүрүүгө багытталган изгиликти жана адеп-ахлакты тарбиялоонун негизги милдетин ишке ашыруунун конкреттүү планы. Колледждерде жана Университеттерде эстетикалык билим берүүнүн негизги идеясы - бул төрт өлчөмгө негизделген билим: эстетика, сезим, элестетүүнү байытуучу жана инновациялык аң-сезимди өнүктүрүүчү жан, көркөм билим негизги каражат катары жана негизги режим катары окууга чөмүлүү. Адеп-ахлактык тарбия, интеллектуалдык тарбия, дене тарбия жана эмгек тарбиясына салыштырмалуу колледждеги эстетикалык тарбия колледж студенттеринин кабыл алуу муктаждыктарын канааттандыруу, чыгармачылык күчтү стимулдаштыруу, асыл эстетикалык кызыкчылыктарды калыптандыруу, инновациялык потенциалды өнүктүрүү жана маданий сабаттуулукту жогорулатуу боюнча уникалдуу жеке функцияны аткарат.